Назира Ж.

**Бишкек инновациялык колледжи**

# Мамлекеттик тил майрамынын 34 жылдыгына карата маданий иш чаранын планы

1-2-курстар үчүн

## Сабактын темасы: «Эне тилге таазим!»

Даярдаган: **Тагаева Гүлзат Аликовна**

(кол тамгасы )________

**2023 - жыл**

## Мамлекеттик тил майрамынын 34 жылдыгына карата маданий иш чаранын планы

1-2-курстар үчүн

## Сабактын темасы: «Эне тилге таазим!»

**Сабактын билим берүүчүлүк максаты:** Студенттерди өз эли-жерин, *эне тилибиз-мамлекеттик тилди,* ата-бабадан келе жаткан улуу мурастарды, *Кыргызстандын символикалык* белгилерин урматтап аздектөө үчүн түрдүү булактардан маалыматтарды берүү.

**Сабактын тарбия берүүчүлүк максаты:** Мекен алдындагы алардын жоопкерчилигин арттырууга, атуулдук парзын аткарууга, ата мурастарын сактоого, эне тилин сүйүүгө, ж.б. асыл сапаттарга тарбиялоо;

**Сабактын өнүктүрүүчүлүк максаты:** Студенттердин дүйнө таануусун, сүйлөө көндүмдөрүн калыптандыруу, сөз байлыктарын өстүрүү, *мамлекеттик тил, Кыргызстандын символикалык* белгилери тууралуу алган маалыматтарын кеңейтүү, өнүктүрүү.

**Сабактын тиби:** Жалпылаштыруу сабагы.
**Сабактын түрү:** Жалпылаштыруу сабагы, концерт түрү.

**Сабактын ык-методдору:** Көрсөтмөлүүлүк, изденүүчүлүк методдор, студенттердин кызыктыруучулук, кошо жаратуучулук демилгесин пайда кылуу, калыптандыруу, дидактикалык максат-милдеттерди ишке ашыруу.

**Сабактын башка сабактар менен болгон байланышы**: кыргыз адабияты, тарых, философия, музыка ж. б.

**Сабактын жабдылышы: КР гимни, Кыргыз тил гимни,** сүрөттөр, кыргыздын улуттук кийим-кечелери, буюмдары, дубал гезиттер ж.б.

1. **КРдин гимни уктурулат** (2мүнөт)

**Иш чаранын жүрүшү:** Иш чара Кыргыз Республикасынын Гимнин аткаруу менен башталат. (2. 50 м.)

2. **Саламдашуу**

*Үзүндү айтылып бүткөн соң, алып баруучулар көркөм окуу менен эне тилин даңкташат.*

*Санжар:* «Тунук болсом – тилим менен тунукмун,
Улук болсом – тилим менен улукмун,
**Улут болсом - тилим менен улутмун!»**

*Элиза:* «Эне тили болбосо аты аталбайт улуттун
Анткени тил – ар улуттун улуттугун аныктаар,
**Паспорту да, мандаты да, метрикасы улуттун!»**

*Санжар:* Ооба, «Элсиз тил болбойт, тилсиз эл болбойт». Анын сыңарындай кыргыздын кыргыздыгы, салт-санаасы, улуу мурастары, адабияты эне тили аркылуу берилет, кыргыз тили аркылуу даңкталат.

*Элиза:* Саламатсыздарбы, улуу урматтуу агай-эжелер, бүгүнкү иш чаранын кымбаттуу катышуучулары, тил үчүн күйгөн ардактуу меймандар!

Улуттук тил эл менен өмүрлөш жана тагдырлаш. «Тил тагдыры – эл тагдыры». Ырас, аалам алкагында саны жагынан суунун тамчысындай эл болгону менен, сөз өнөрүнө келгенде, эпостун океанын жараткан кыргыз элинин бүт өнөрү анын эне тилинде эмеспи.

*Санжар:* Улут катары бул дүйнөдө татаал тагдыры менен турмуш кечирген кыргыз элинин дүйнөгө мактаныч кылчу бүтүндөй акыл философиясын, чалкыган сезим туюмун, наркын, салтын сыйдырган уюткулуу улуу сөздөрүн, аттын кашкасындай таанымал, акын-жазуучуларыбыздын чыгармаларынан кездештирип келебиз.

*Элиза:* «Даанышман өтөт, сөз калат» демекчи алардын урпактарга айткан асыл сөздөрү, осуяттары, насааттары эч качан өлбөйт, унутулбайт. Анткени адам болуп, өнүп-өрчүп турганда тилден түбөлүктүү, тилден артык өнөр жок.

3. **Сөз берилет:**

*Санжар:* Бүгүнкү майрамдык салтанатыбызды ачуу үчүн алгачкы сөз кезеги Бишкек инновациялык колледжинин мүдүрү, философия илимдеринин кандидаты, доцент ***Эркинбеков Кылыч Эркинбековичте.*** *Келиңиз агай.*

*Элиза:* Жасаган буюмдун баары түгөнөт, кайра жасалып, кайра түгөнөт. Адамзат жер үстүндө тирүү турганча, жүгүрүк ой бир ообумга тыным албайт, түгөнбөйт, ошол ой санааны билдирген сөз түгөнбөйт, тил өлбөйт!

***Санжар:*** Демек, элибизди эл кылып, улут катары таанытып келаткан улуу белгибиз бул – эне тилибиз - кыргыз тили. Кайсы эл, кайсы улут, кайсы мамлекет болбосун анын тилинен артык саясат жок. Тили болмоюн эл да улут да, мамлекет да жок. Эмесе бүгүнкү *мамлекеттик тилдин 34 жылдыгына арналган **«Эне тилге таазим!»** аттуу майрамдык салтанатыбызды баштоого уруксат этиңиздер!*

***Элиза:*** **Мамлекеттик тилибиздин 34** жылдыгын жалпы журт белгилеп жатат. **Баарыңыздарды мамлекеттитк тил майрамыңыздар менен чын жүроктон куттуктайбыз!!!**

***Элиза:***

Уккула бардык чар тарап,
Уруптуу ишти аркалап.
Колледждин окуу жайында,
Башталды тилдик салтанат.

*«Манас» эпосунан үзүндү коюлат. (0.50 с.)*

**4.“Манас” эпосунан үзүндү айтылат**

***Санжар:***

Чакан элди улуу элдерге теңелттиң,
Коонүн ачып көл-дайрадай кеңелттиң
Рухуңдун улуулугун мухиттей
«Манас» сыңдуу дастан менен ченеттиң!

*«Манас» эпосунан үзүндү айтышат*

***Санжар:*** Алдыңыздарда 2-курстардын студенттери «Манас эпосунан үзүндү тартуулашат.

**1.Исманалиев Сыймык - Саякбай Каралаевдин варианты боюнча**
*“Көкөтөйдүн ашынан” үзүндү.*
**2.Чотоев Ызатбек – Саякбай Каралаевдин варианты боюча**
*“Каныкейдин тайторуну чаптырышынан” үзүндү.*
**3.Молдалиева Алтынай - Саякбай Каралаевдин варианты боюнча**
“Көкөтөйдүн ашынан” үзүндү.
**4.Бектемир кызы Айкелди - Саякбай Каралаевдин варианты боюнча**
*“Көкөтөйдүн ашынан” үзүндү.*

**5. Бий. Кыргыз бийин бийлешет**

*Элиза:* Көзгө сүйкүм кыргыз бийин
Кимдер гана билбесин.
Кыргыз кыздар кызгалдактай,
Кулпурушуп бийлешсин.

*Санжар:* Алдыңыздарда 2-курстун **А-1-22 тайпасынын** студенттери кыргыз бийин тартуулашат. Тосуп алыңыздар!

1. **Автандил кызы Айэлита**
2. **Аманжанова Айназик**
3. **Бактыбекова Адинай**

**6. Комуз күүсү чертилет.** Комуз, ооз комуз

*Элиза:* Тилге жолдош, үнгө дем,
Комузду кошуп ырдайлы.
Бабабыз черткен бул комуз,
Баркына жетип сыйлайлы.

*Санжар:* **М. Күреңкеев "Кер озон".** Алдыңыздарга 2-курстун студенттерин чакырабыз. **Аткаруучулар:**

*1. Комузчулар:*

**1. Адылбекова Айпери - А-1-22**
**2. Сагынбекова Айжан –ИЯ-2-22**
**3. Замирбекова Аяна- К-1-22**
**2.***Ооз комузда:* **Мухтаржанова Нурия - А-1-22**
**3.** *Комузчулар:*
**Атай Огонбаев "Маш ботой"**

**7. Корком окуу**

*Жагымжуу жай музыканын коштоосунда көркөм окушат*

*Элиза:* Алдыңыздарда 1-2-курсунун студенттери корком окуу менен эне тилин даңкташат. Тосуп алыңыздар!

1. **Чикалов Чыңгыз -** *З.Ажыматов "Мен кыргызмын" - БУ-1-23;*
2. **Самиева Мунара –** *А. Карабаев "Кыргыз тилим бар болсун"-К-2-***23;**
3. **Кыдыралиева Айдай –** *Н.Байтемиров "Жаркырай берет түбөлүк" – ИЯ-1-22;*
4. **Сыргабекова Алтынай –** *Р.Маметов "Кыргыз тилим" – БУ-1-22;*
5. **Исманалиев Сыймык –***З.Ажыматов "Мен кыргызмын" - А-1-22;*
6. **Дөөлөтказиева Адеми –** *К.Айталиев "Эне тилим"- К-1-22;*
7. **Абдыкапарова Бермет –** *"Кыргыз тили" А-1-22;*
8. **Маткаримов Санжар –** *Э.Ибраев "Улут болсом тилим менен улуттмун" – А-1-22.*

**8.Бий. “Мезгил закымдары”** (3мүнөт)

*Элиза:* Алдыңыздарда 2-курсунун *ИЯ-1-22 тайпасынын* студенти **Кыдыралиева Айдай** кыргыз бийин тартуулайт. Кабыл алып коюңуздар!

**9. Элдик ыр. “Кыз бурак”**

*Умай эне, жеңелер кыздын чачын өрүп олтурушат*

*Санжар:* **Элдик ыр. “Кыз бурак”.** Аткаруучулар:

1. **Атагелдиева Элиза**
2. **Абдыганиева Мираида**
3. **Абдымовлан кызы Жайнагүл**
4. **Апитова Жибек**
5. **Муратбекова Айдай**
6. **Өмурзакова Орозгүл**
7. **Милан София**

**Сахналаштыруу**

*Кыздар чач өрүмдүн түрлөрүн көрсөтүшөт. Умай эне, жеңелер кыздын чачын өрүп олтурушат.*

*(Алдыңкы тексттерди алып баруучулар окушпайт).*

1. Беш көкүл жөнүндө.

   Беш көкүл-бул кичине жана өспүрүм кыздардын бир нече тарамга бөлүнүп өрүлгөн чач өрүм кооздугу,кыз бала турмушка чыгып күйөөсүнүн үйүнүн босогосуна аттагандан кийин анын чачы беш көкулдөн эки өрүм кылып өрүлгөн.Беш көкүл кырк чачка жетпеген өрүм .
2. Кырк чач жөнүндө.

   Кыргыздар келинди чачына карап тандашкан. Эгерде кыздын чачы узун,калың болсо ,аны дени сак ,мээнеткеч жана ырыстуу кыз деп баалашып,ага куда түшүп келишкен. Кызыктуусу бойго жеткен кыздардын чачын кырк кылып өргөнү “кызым бойго жетти,куда түшүп келсенер болот”-дегенди билдирген.
3. Эки чач жөнүндө.

   Ал эми үйлөнүү үлпөттүнүн алдында кыздын жакындары чач өрүү ырымын жасашат. Алар кыздардын беш көкүл өрүмдөрүн чечип ,анын учуна кооз зер буюмдарды “чач учтук” жана “чач бак”,бул ырым башка бойго жеткен курак категориясына өтүүгө арналган .
4. Бир чач жөнүндө.

   Бир чач өрүмү кедей-кем багалдар үй-бүлөөсүнөн чыккан кыздар өрүшкөн.Бир чач өргөндөрдү элдер кедей үй – бүлөсүнөн чыккан экен деп билишкен .

5. Чач жазуу жөнүндө.
   Кыздарга чачын жайып эркектер менен сейилдеп жүрүүгө жана үйдөн тышкары тараганга тыйуу салынган .Чач жайуу күйөөсү каза болгон аял затына арналган. Чач жайганынын себеби кыргыздарда чач жайуу аза күтүүнүн белгиси.
6. Жоолук жөнүндө .
   Кыргыздарда эзелтеден эле жоолук өзгөчө бааланып келет.”Ак жоолугун башыңдан түшпөсүн”- деген алкоонун ичинде эле көп нерсе жаткандай . Бул “кара жолук салынбасын,турмушунан мүдүрүлбөсүн”- деген жакшы тилек.Бүгүн биз жолук тууралуу изилдеп көрөлү дедик .
   Ак – жакшылыктын жышааны.
   Кара – аза күтүү түсү.
   Көк – түштүктө аза күтүүдө ушул түс да кеңири колдонулат.

## 10.Элдик ыр. “Шырылдаң”

***Элиза:*** Элдик ыр. **“Шырылдаң”.** Аткаруучулар:

1. **Исмаилалиев Сыймык – А-1-22**
2. **Турсунбеков Ислам –А-1-22**
3. **Нурдинов Шерзод -А-3-22**
4. **Рысбергенов Нурислам –А-3-22**
5. **Маткаримов Санжар -А-1-22**

**“Шырылдаң”**

*Шыпшырылдаң шыр экен .*
*Жылкычынын ыры экен .*
*Карыларын наркы экен .*
*Жигиттердин айты экен.*

*Таарруу ташка бүткөндө ,*
*Талаша чыккан шырылдаң.*
*Жылкычы менен коюндаш ,*
*Жанаша чыккан шырылдаң.*

*Шыпшырылдаң шыр экен ,*
*Жылкычынын ыры экен .*
*Карыларын наркы экен ,*
*Жигиттердин айты экен.*

*Бай ,бай терек бай терек.*
*Башын кесмек не керек .*
*Эт желиндүү боз койго,*
*Тели козу не керек*

*Ана султан шырылдаң,*
*Мына султан шырылдаң.*

*Шытшырылдаң шыр экен .*
*Жылкычынын ыры экен .*
*Карыларын наркы экен ,*
*Жигиттердин айты экен.*

*Шырылдаң биздин шыйкыбыз,*
*Түндө келет уйкубуз.*
*Аман болсо жылкыбыз*
*Эртең канар уйкубуз.*

*Шырылдаң айтып жүргөндө.*
*Конок менен таруулу.*
*Жеп кетпесин жылкыбыз.*

*Шытшырылдаң шыр экен ,*
*Жылкычынын ыры экен .*
*Карыларын наркы экен .*
*Жигиттердин айты экен.*

***??? 11. Оюн. Макал-ылакап, жаңылмач айтыштыруу** (5мүнөт)*

**12. Тил гимни ырдалат** (3мүнөт)

**Жыйынтыктоо:**

Андан соң *Кыргыз тилинин Гимнин* жалпы ырдоо менен жыйынтыкталат. (3 м.). Алдыңыздарга 1-2-курсунун студенттери «Тил гимнин» тартуулашат.

1.
2.
3.
4.
5.

**Каалоо:**

***Элиза:*** Касиеттүү кыргыз тилибиздин уюткусу көроңгосу болгон ак калпактуу элибиз жашап турганда кыргыз тили **эч качан жоголбосуна, дүйнөлүк башка тилдер менен теңтайлаша өнүгүп** келечек урпактарга, аалам мейкиндигине көкөлөтчү канат-бутак болорунарга ишенебиз.

***Санжар:*** Ошондуктан баарыбыз дайыма улуттук дөөлөт, уюган эне тилибизди ыйык тутуп, даңазалап, көккө көкөлөтүп туу кылып көтөрүп жүрөлү. Сиздерди эне тилибизди таза, ыйык, бийик тутуп, ата салтыбызды, мурасыбызды, улуу дөөлөттөрүбүздү сактай билүүгө чакырамын!

Көңүл бурганыңыздар үчүн чоң ырахмат, урматтуу окутуучулар, кымбаттуу студенттер!!!\